# Зор курулуш – Коллизей



Автор: Алла Пятибратова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Зор курулуш – Коллизей

Автор: Алла Пятибратова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Великан по имени Колизей*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Зор курулуш – Коллизей" (кыргыз тилинде), автор Алла Пятибратова,
Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сыртки бет @freesurf69, © 2021 Freepik.com, https://www.freepik.com/premium-photo/great-rome-view-antique-arena-colosseum-italy-travellandmarks_11303672.htm; 1-б - Maxisport, © 2021 Shutterstock.com. 2-б - Tatiana Gordievskaia, © 2021 Shutterstock.com. 3-б - © 2021 Jean-Pierre Dalbéra, CC BY 2.0 https://www.flickr.com/photos/dalbera/5839479770/in/album72157627012487237/; 4-б - Massimo Todaro, © 2021 Shutterstock.com. Все права защищены. 5-б - Garijs Polskis, © 2021 Shutterstock.com.7-б - © 2021 Nour, https://www.dkfindout.com/us/history/ancient-rome/;8-б - Evgenii Iaroshevskii, © 2021 Shutterstock.com. 9-б Walt-, © 2021 Flickr.com. https://www.flickr.com/photos /47156767@N07 /49894449428/; 10-б @wirestock, © 2021 Freepik.com, https://www.freepik.com/free-photo/beautiful-shot-famous-roman-colosseumamphitheater-breathtaking-sky-sunrise_8981252.htm; 11-б B.Stefanov, © 2021 Shutterstock.com. 12-б arteria.lab, © 2021 Shutterstock.com.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Эгер байыркы римдиктер азыркы заманбап стадионго кирсе, көргөн көздөрүнө ишенишмек эмес. Анткени ал доордун оюн-зоок жайлары менен биздин учурдагы стадиондор бири-бирине абдан окшош.

Олимпиадалык оюндар жана башка спорттук мелдештер үчүн стадиондорду эң биринчи байыркы гректер курушкан.



Стадиондо сүйрү аренаны туш тараптан жакшы көрүү үчүн төрт бөлүктөн турган чоң тепкичтер жасалган. Эң жогорку катардагы көрүүчүлөргө деле ылдый жакта болуп жаткан нерселер жакшы көрүнөт. Байыркы Римде стадиондор ушундай тартипте курулчу. Бара-бара ушундай курулуштар бүткүл дүйнө жүзүндө салына баштады.

Азыркы учурда мектептерде жана биз жашаган үйлөрдүн короолорунда да чакан стадиондор бар. Бирок жүз миңден ашык көрүүчүнү да батырган стадиондор бар.

Бул стадионду 2016-жылы Краснодар шаарында ачышкан.



Краснодардагы стадион заманбап архитекторлордун долбоору боюнча Байыркы Римдеги эң белгилүү жана көрүнүктүү эстелик болгон Колизей стадионуна абдан окшош курулган. Колизей биздин заманга чейинки I кылымда салынып, күчтүү Рим империясынын символу болуп калган. Азыркы мезгилде ал Италиянын жана анын борбору Рим шаарынын символу болуп саналат.

Алгач курулганда Колизей дал ушундай көрүнүп турган.


Адегенде бул курулуш "Флавийдин амфитеатры" деп аталган. Анткени бул жайды Флавий династиясынын өкүлдөрү Веспасиан жана анын уулу Тит курган.

"Колизей" деген аталыш VIII кылымда пайда болгон. Бул аталыш *колосс* (лат. "зор", "дөө") деген сөздөн алынган.



Колизейге 50 миң көрүүчү батчу. Анын аренасына азыркы үч футбол талаасы батып кетмек. Имаратта аренаны айланта курулган үч негизги секи болгон. Көрүүчүлөр үчүн отургучтардын катарлары өйдөлөтө тизиле берген. Мындай жайгашуу «амфитеатр» деп аталган.

Байыркы римдиктер Колизейге жапайы жаныбарларга аңчылыкты жана гладиаторлордун мушташын көрүү үчүн барышкан. Бул жерде кыргын менен аяктаган ырайымсыз согуштар болгон. Гладиаторлор кулдардан жана туткундардан тандалып, атайын даярдалган жоокерлер болгон. Аларды кожоюндары аренада согушууга аргасыз кылышкан. Гладиаторлор кийинчерээк өз эркиндигине ээ болуу үчүн күрөшүшкөн.




Байыркы Римдеги эң белгилүү гладиаторлордун бири – Спартак. Ал Италиядагы Колизейдин курулушуна чейин 100 жыл мурда, кулдардын жана гладиаторлордун көтөрүлүшүн жетектеген. Спартак тууралуу көркөм жана даректүү тасмалар тартылган. Азыр анын атындагы футболдук клуб бар.

Байыркы Римдин көрүүчүлөрү аңчылыкты көрүүгө кызыгышкан. Алар көптөгөн жапайы жаныбарларды аренадан гана көрө алышкан. Мындай зоокторду көргөзүү үчүн пил, аюу, бегемот, арстан, кабылан, жолборс, крокодил, керик, ал тургай, төө куштарды да кармап келишкен. Аларды Колизейге алып келишип, аренанын астындагы жертөлөлөрдө багышкан.



Көрүүчүлөрдүн коопсуздугу үчүн аренанын тегерегине бийиктиги беш метр болгон тосмо орнотушкан. Кээ бир көрүнүктүү ак сөөк бай шаардыктар көңүл ачуу үчүн жаныбарларга мергенчилик кылууга каршы чыгышкан.


Кээде Колизейдин аренасында деңиз салгылашуулары көрсөтүлгөн. Аларды уюштуруу өтө кымбатка тургандыктан, мындай уруштар сейрек көрсөтүлгөн. Аренаны Тибр дарыясынан атайын кудук жана трибуна алдындагы түтүктөр аркылуу суу менен толтуруп турушкан.



Деңиз салгылашуусунда согуш кемелерине абдан окшош кылып кичирейтилип жасалган үлгүлөрүн колдонушкан. Бирок согуш кадимкидей эле жүргөн. Кемелер өрттөнгөн, чөгүп кеткен, аскерлер курман болушкан. Кээде суу үстүндө жөнөкөй оюндар көргөзүлгөн. Ал оюндарга аялдар да катышкан.

Колизейдин ички көрүнүшүн мына ушундайча элестетсеңиз болот:

Борборунда кум жайылган жыгач арена турат. Ал эми анын алдында узун өтмөктөрү жана жертөлөлөрү бар астыңкы кабаты жайгашкан.



Астыңкы кабатында күрөшүүчү адамдарды жана жаныбарлар салынган торчолорду көтөрүп чыгаруу үчүн лифттер да болгон. Абдан ысык болгон күндөрү Колизейдин чатырын чүпүрөк менен жаап коюшкан.

Колизейдеги оюндарды көрүү үчүн акы төлөнгөн эмес. Көрүүчүлөргө катары жана отургучтун номери жазылган чоподон жасалган белеттер таратылчу.

Орундуктар жарандардын социалдык абалына жараша берилген. Аренага эң жакын император жана анын үй-бүлөсү отурушчу. Андан жогорураак жагына шаардык бийликтин өкүлдөрү отурушкан.



Андан жогорку трибуналар байлар үчүн берилсе, акыркы катарлар карапайым адамдарга арналган. Аялдар, кулдар жана балдар оюнду чатырдын галереясынан көрүшкөн. Алар туруп көрүүгө мажбур болушкан.

Колизейди төрт жүз жыл бою көңүл ачуу үчүн колдонуп келишкен. Орто кылымдарда Колизейди чепке айлантып, анын аренасында диний ырым-жырымдарды аткарышкан. Арена ар кайсы мезгилдерде үйү жоктор үчүн баш калкалоочу жай болгон. Кээ бир мезгилдерде көрүстөн да болгон.



Кийинки доорлордо Колизейди бир нече кылымга унутта калтырып коюшкан. Ал бара-бара кыйрай берген. Колизейдин дубалдары катуу жер титирөөлөрдүн жана өрттүн кесепетинен урай баштаган. Бул улуу эстеликти табигый кырсыктар эле эмес, Рим жашоочулары да талкалашкан. Алар өздөрүнүн имараттарына пайдалануу үчүн Колизейдин дубалын бузуп, кыш алышкан.

19-кылымда гана Колизейди калыбына келтире башташкан. Анын дубалдарын бекемдөө, ички тепкичтерин оңдоо иштери жүргүзүлгөн. Уникалдуу эстеликти калыбына келтирүү иштери биздин күндөрдө да улантылууда.



«Колизей турганда, Рим да турат», - дешет жергиликтүү тургундар. Көптөгөн адамдар жана жаныбарлар өлгөн Колизей өлүм жазасына каршы кыймылдын символу болуп калды.

Колизей ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар эстелиги болуп саналат.

Колизейде жайкысын белгилүү ырчылардын жана музыканттардын концерттери өтөт.




Бул ири курулушту архитектуранын кереметы деп аташат. Аны көрүү үчүн дүйнө жүзүнүн булуң-бурчтарынан көптөгөн туристтер келишет. 2007-жылы Колизей дүйнөнүн жети кереметинин тизмесине киргизилген. Тизмеде ал биринчи сапты ээлеп турат.

Сөздүк

Амфитеатр – массалык оюн-тамашаларды көрүү үчүн айлана же сүйрү формасында салынган чатыры жок театр. Тегерек же сүйрүсүнөн келген аренанын айланасында көрүүчүлөр үчүн улам өйдөлөтө тизилген тепкичтери менен отургучтар орнотулган.

Арена – кум төгүлгөн аянт түрүндөгү амфитеатрдын бөлүгү.

Династия – бийликтин бир эле үй-бүлөнүн адамдары мурастап ээлеген түрү.



Суроолор:

- Кыргызстандагы кайсы архитектуралык эстеликтерди билесиң?
- Кыргызстандын символу катары кайсы архитектуралык эстеликти тандайт элең?

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алла Пятибратова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.shutterstock.com, www.freepik.com,
www.flickr.com, www.dkfindout.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли